19

**Каракол педагогикалык колледжинин педагогикалык кеңешинин жыйынынан**
**№4 ПРОТОКОЛУ**

20.09.2021-жыл Каракол шаары

Төрагасы: Молдосанов С.У.

Катчысы: Мусуралиева А.С.

Катышкандар: 58 окутуучу жана кызматкерлер.

**Күн тартиби:**

1. "Мугалимдер күнүнө" карата колледждин окутуучусу Калемкаш Исраилованы Каракол шаарынын мэринин сыйлыгына көрсөтүү
2. Жоболорду бекитүү
   Сапатты камсыдоо системасынын аудити жөнүндө Жобо
   Окуу сабактарына мониторинг жүргүзүү жана өз ара катышуу жөнүндө Жобо
   Сабактарга өз ара катышуу боюнча Жобо
   Баалоо каражаттарын түзүү жөнүндө Жобо
   Академиялык мобилдүүлүк жөнүндө Жобо
   Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу Жобосу
   Колледждин администрациясын жана окутуучуларды сыйлоо жөнүндө Жобо
   Керектөөчүлөрдүн билиминин сапатына канааттануу мониторинги жөнүндө Жобо
   Директордун алдындагы администрациянын жыйналышы жөнүндө Жобо
   Ички аудит жөнүндө Жобо
   Дисцилинардык комиссия жөнүндө Жобо
3. Администрация менен профсоюздук комитеттин ортосундагы коллективдүү келишим
4. Билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу саясаты

**Угулду:**

Күн тартибинде каралган маселе боюнча чогулуштун төрагасы Молдосанов Саламат Усенбаевич сөз сүйлөдү.И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутуучусу К.Исраилова "Кыргыз Каракол шаарынын мэринин сыйлыгына көрсөтүүнү сунуш кылам. Ал көп жылдан бери кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп иштеп, өзүн окуу-тарбия ишинин өзгөчөлүгүн жакшы түшүнгөн мугалим катары көргөзө алды. Ошондой эле окуу жайдын төмөнкүдөй Жоболорун бекитүүнү сунуш кылам.

**Чыгып сүйлөштү:**

1. **Талантбеков Акылбек Талантбекович - Каракол педагогикалык колледжинин кесиптик кошуунунун төрагасы:**

Калемкаш эжей билим берүү тармагында көп жылдан бери эмгектенип көп тажрыйба топтоду. Студенттер менен биргеликте окутуучулар менен да тил табышып, кадыр баркка ээ. Студенттердин психологиясын жакшы түшүнүп, алар менен тил табышып иштеп келет. Иш тажрыйбасында окутуунун активдүү формаларын колдонуп студенттерге терең билим бере алды. Анын жоопкерчиликтүү сапатын эске алып колледждин жетекчилиги жана колледждин жааматы К.Исраилованы Каракол шаарынын мэринин сыйлыгына көрсөттү.

**Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Мусуралиева Айзада Сагындыковна:**Калемкаш эжей педагогикалык колледжи үчүн кошкон салымы зор. Студенттерге билим берүүдө интерактивдүү методдорду колдонуу менен мыкты сабактарды өтүп келет. Колледждин өнүгүүсүнө өз салымдарын кошуп келет. Ал колледждин коомдук иштерине да активдүү катышат. Ушул эмгектерин эске алып Каракол шаарынын мэринин сыйлыгына көрсөтүүнү колдойм.

**Туменбаев Омургазы Сапаевич сүрөт жана технология сабагынын окутуучусу**:
Калемкаш эже колледжде көп жылдан бери эмгектенип келет. Ал өзүнүн кесипкөйлүгү менен айырмаланып, чыгармачылык менен жумушун алып барат. Иш тажрыйбаларынын молдугунун жумушта жана күнүмдүк жашоодо колдоно алат.Ал - жоопкерчиликтүү, адилеттикти жакшы көргөн профессионал, өзүнүн жумушун сүйгөн адам ошондуктан, Каракол шаарынын мэринин сыйлыгына көрсөтүүнү колдойм.

2. **Экинчи маселе боюнча КПКнын ишмердүүлүктөрү боюнча Жоболорду бекитүү жөнүндө ОТИ боюнча директордун орун басары Азаматов А.А.**ар бир Жобо боюнча кыскача айтып берди.

Сапатты камсыдоо системасынын аудити жөнүндө Жобо

Окуу сабактарына мониторинг жүргүзүү жана өз ара катышуу жөнүндө Жобо билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана окуу процессине мониторинг жүргүзүү системасына ылайык иштелип чыккан. Жобо билим берүү программаларында педагогикалык ишмердүүлүктүн сапатын аныктоого жана аны өркүндөтүүгө багытталган иш-чараларды жүргүзүүдө КПКнын ишин жөнгө салат. окуу сабактарына мониторинг жүргүзүүнүн жана өз ара катышуунун максаты - институционалдык жана билим берүү процесстерин башкаруунун сапатын жогорулатуу, кызыкдар тараптардын талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу, мүмкүн болуучу карама-каршылыктарды болжолдоо жана окуу процессин жакшыртуу.

Академиялык мобилдүүлүк жөнүндө Жобо Академиялык мобилдүүлүк орто окуу жайларынын ички өнөктөштүк байланыштарын жакшыртып, алардын достук көпүрөсү болуу менен билимдүү жана бирдиктүү жаштарды тарбиялоодо өзүнүн үзүрлүү салымын кошууга багытталган. Жиберилүүчү студенттерден төмөнкү **документтер** талап кылынат:

1) Үч тараптуу келишим.
2) Окуу боюнча макулдашуу.
3) Кепилдик кат (гарант-письмо).
4) Анкета.
5) Паспорттун копиясы.

Кабыл алуучу окуу жай студенттерди жатакана менен камсыз кылат жана системалуу билим алууга карата толук шарттарды түзүп берет. Ал эми контракттык төлөмдөрдү

студенттер өздөрүнүн окуу жайына төлөшөт, кабыл алуучу колледжде акысыз билим алышат жана окуган предметтери, топтогон кредиттери, алган сессиялык баалары өздөрүнүн окуу жайында таанылат. Айырма чыккан предметтерди тапшыруу үчүн мобилдүүлүккө катышкан студенттерге өз окуу жайларында эки жумалык сессия уюштурулуусу зарыл. Студенттерди каттоо бир жылда эки жолу жүргүзүлөт: 1- семестрге – декабрь айында, 2 семестрге – май айына чейин. Биздин окуу жай менен БМПК тарабынан келишим түзүлүп, студенттерди Бишкекке жиберүү алдында турабыз.

Ички аудит жөнүндө Жобо өзүнүн ички көзөмөлдөө тармагынын натыйжалуулугун жана ылайыктуулугун, кабыл алынган чечимдердин, табылган жаңылыштыктардын тууралыгын баалоо максатында аны атайын дайындалган кызматкерлери тарабынан колледждин каржылык отчетун, ошондой эле эсептеринин ишенимдүүлүгүн текшерүү.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Дене тарбия бирикмесинин окутуучусу Норузбаев Адис Эсенович**: Жоболор Мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлсө, окуу жайдын Уставына туура келсе , ушул отурумда бекитүүнү колдойбуз.

**Кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутуучусу Темирканова Турумкан**: Жоболорду бекитүүнү колдойбуз.

3. **Талантбеков Акылбек Талантбекович - Каракол педагогикалык колледжинин кесиптик кошуунунун төрагасы:** Администрация менен профсоюздук комитеттин ортосундагы коллективдүү келишим-бул келишимдин предмети жамааттык укуктар жана кызыкчылыктар болуп саналат. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары тарабынан кепилденген кызматкерлер, ошондой эле шарттар боюнча кошумча эрежелер жана жоболор жана кызматкерлерге эмгек акы, социалдык Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык иш берүүчү тарабынан берилген кепилдиктер жана жеңилдиктер болуп саналат.

4. Билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу саясаты –бул Каракол педагогикалык колледжинин саясаты билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жаатында жетектөөчү документ болуп саналат. Максаттарды коюу менен колледждин стратегиялык максаттары жана милдеттерин жогорулатууга багытталган процедуралар жана механизмдер аркылуу ишке ашырылат.

Билим берүүнүн сапаты жана окуу натыйжалары коомдо таанылган жана туруктуу адиске ээ, тынымсыз өнүгүү, үйрөнүү жана бардык жаңы жана прогрессивдүү нерселерди кабыл алуу болуп саналат.

Ушул жогруда аты аталган Жоболорду, Администрация менен профсоюздук комитеттин ортосундагы коллективдүү келишимди, Билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу саясатын бекитүүгө макул, каршы, калыстар барбы? Макул болсоңор кол көтөрүп койгула.

Макул: 58 Каршы: жок

Баары бир добуштан колдошту.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1. Исраилова Калемкаш « Каракол шаарынын мэринин сыйлыгына көрсөтүлсүн.

2. Төмөнкү Жоболор бекитилсин.

Сапатты камсыдоо системасынын аудити жөнүндө Жобо
Окуу сабактарына мониторинг жүргүзүү жана өз ара катышуу жөнүндө Жобо
Сабактарга өз ара катышуу боюнча Жобо
Баалоо каражаттарын түзүү жөнүндө Жобо
Академиялык мобилдүүлүк жөнүндө Жобо
Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу Жобосу
Колледждин администрациясын жана окутуучуларды сыйлоо жөнүндө Жобо
Керектөөчүлөрдүн билиминин сапатына канаттануу мониторинги жөнүндө Жобо
Директордун алдындагы администрациянын жыйналышы жөнүндө Жобо
Ички аудит жөнүндө Жобо

3.Администрация менен профсоюздук комитеттин ортосундагы коллективдүү келишим бекитилсин.

4. Билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу саясаты бекитилсин.

Отурумдун төрагасы: Молдосанов С.У.
Катчы: Мусуралиева А.С.